# ПЕДАГОГИЧЕСКИЕ НАУКИ

**УДК 38,013**
**DOI 10.53473/16946324_2024_1**

**Мусалиева К.К.,**
Кыргыз мамлекеттик дене тарбия жана спорт
академиясы, педагогика, психология жана
спорттун тарыхы кафедрасы, ага окутуучу
**Токсонбаев Р.Н.,**
Кыргыз мамлекеттик дене тарбия жана спорт академиясы
педагогика, психология жана спорттун
тарыхы кафедрасы, п.и.д., профессор
**Доронбаева Н.О.,**
Кыргыз мамлекеттик дене
тарбия жана спорт академиясы
окутуучу

**Мусалиева К.К.,**
Кыргызская государственная
Академия физической культуры спорта
Кафедра педагогики, психологии и ИФК,
ст. преподаватель
**Токсонбаев Р.Н.,**
Кыргызская государственная
Академия физической культуры спорта
Кафедра педагогики, психологии и ИФК,
д.п.н., профессор
**Доронбаева Н.О.,**
Кыргызская государственная Академия
физической культуры спорта, преподаватель

**Musalieva K. K.**
Art. teacher, Department of Pedagogy,
Psychologyand history of physical education
and sports Kyrgyz state
Academy forphysical culture and sports
**Toksonbaev R.N.**
D.P.N., Professor
Department of Pedagogy, Psychology
and history of physical education and sports
Kyrgyz state Academy forphysical
culture and sports
**Doronbaeva N.O.**
teacher, Kyrgyz state
Academy forphysical culture and sports

# АТАЙЫН ДЕНЕ ТАРБИЯЛЫК БИЛИМ АЛУУДАГЫ СТУДЕНТТЕРДИН ЭТНОПЕДАГОГИКАЛЫК ТАРБИЯЛАНУУСУНУН ПЕДАГОГИКАЛЫК ШАРТТАРЫ

# ПЕДАГОГИЧЕСКИЕ УСЛОВИЯ ЭТНОПЕДАГОГИЧЕСКОГО ВОСПИТАНИЯ СТУДЕНТОВ В СИСТЕМЕ ВЫСШЕГО ФИЗКУЛЬТУРНОГО ОБРАЗОВАНИЯ

# SPECIAL PHYSICAL TRAINING OF STUDENTS IN THE FIELD OF EDUCATION, PEDAGOGICAL EDUCATION, PEDAGOGICAL CONDITIONS

***Аннотация:*** *Макалада каралган маселелер кандай гана педагогикалык модели болбосун ал эффективдүү иштеши үчүн комплекстүү шарттарынын сакталышы талап кылынат. Ошол себептен изилдөөнүн бул бөлүгүндө дене тарбия боюнча болочок педагогдорунун этнопедагогикалык тарбиялоосун педагогикалык шарттарынын комплексин сүрөттөөгө мажбур болушат. «Шарттар» дегенди түшүндүрүүчү ар кандай жолдору каралып жүрөт илимий адабияттарда. Шарттары объектеринин биримдиги (нерселер, процесстер, байланыштар ж.б.), кайсы бир объектти өзгөртүүгө тиешелүүсү; шарты болсо чөйрөгө, көрктөлүшүнө жана абалдарына жараша.*

***Негизги сөздөр:*** *Этнопедагогика, этнопедагогикалык тарбия, педагогикалык шарттар, тарбиялоо, изилдөө.*

***Аннотация:*** *В статье рассмотрены Соблюдение комплекса условий обеспечивает эффективность функционирования любой педагогической модели ( и др.). В связи с этим, целью данной части исследования является выделение и описание комплекса педагогических условий, обеспечивающих эффективность этнопедагогического воспитания будущих специалистов физического воспитания.*

***Ключевые слова:*** *Этнопедагогика, этнопедагогическое воспитание, педагогическая подготовка, обучение, образование и научные исследования.*

***Abstract:*** *The article reviewed Whatever pedagogical model that requires compliance with the conditions for the effective functioning of the complex. For this reason, this part of the study of the physical education teachers in the future will be forced to describe a set of pedagogical conditions and pedagogical training. Different ways to describe the meaning of the Terms will be reviewed scientific publications. Terms of the unity of objects (things, processes, etc.), and to modify any object in particular; If the condition of the environment, depending on the situation and körktölüşünö.*

***Key words:*** *Ethno conditions, pedagogical training, teaching, education and research.*

**Киришүү.** Заманбаптагы психологиялык-педагогикалык адабияттарда «шарттары» деген категориясы төмөндөгүдөй түшүнүктөрү менен бирге кездешет- «чөйрө», «мүмкүнчүлүктөрү», «абалдары». «Шарттары» «чөйрөнүн» бир бөлүгү катарында караган учурда, өзгөчө педагогикалык жактан талкуулаганыбызда корректүү болбойт. Мындай жол менен караганда биринчиден педагогикалык объектке эч кандай таасирин тийгизе албайт; экинчиден, мындай көз караштын өзү ар кандай шарттардын таасири боюнча келип чыгат, бирок алар сырткы шарттардан болушат, кайсы бир объектерге тиешелүү, сандуу шарттары болсо объекттин ички мүнөздөмөсүнө кирет экен [1].

Анаркулов Х.Ф.,[1], Мамытов А.М.[4] комплекстүү чара катарында мазмууну, ыкмалары же уюштургучтук чаралары жана окутууну уюштургучтук түрү жана тарбия аткарат, деп жазышкан.

Изилдөөбүздө төмөнкүлөрдү эске алуу менен мындай пикирге таянабыз да чаралардын негизгилери деп төмөнкүлөрүн пайдаланабыз(мазмууну, ыкмалары,

усулдары, уюштуруу формасы жана тарбия), ошондой эле окуучунун ички дүйнөсүнө байланыштуу жактары менен бирге. Мындай аракеттер туура болсо керек, анткени дагы башка шарттары да келиши мүмкүн.

Педагогикалык шарттарын аныктаганда биз Х.Ф. Анаркуловдун [1] айтканына көнүлдү бурабыз:

- чектелген акыркы максатыбызды же жыйынтыгына менимче бул изилдөөдө биз максатка жете алабыз;
- түшүнүү керек, педагогикалык процессин өнүктүрүүдө комплекстүү чараларын колдонуу керек болот.

**Изилдөөнүн максаты:** Биздин изилдөөбүздө педагогикалык шарттары атайлап тандап алган, конструкцияланган жана ЭПТ нун элементтерин пайдаланып, мазмуунун элементтердеги болгон мазмунун дене тарбия жана спорт боюнча педагогдордун элдик педагогиканын каражаттары менен.

Мурунку изилдөөлөрдүн негизинде, өзгөчө адабияттардын булактарына таянуу менен окуучуларды жана студенттерди ЭПТнун аймагындагы төмөнкүдөй педагогикалык комплексинин шарттарын бөлүп чыгардык, анын дене тарбия жана спорт боюнча болочок педагогдорунун ЭПТсунун эффективдүү аткарылышын көзөмөлдөп төмөнкүдөй жактарын сунуштайбыз:

- дене тарбия жана спорт боюнча болочок педагогдорун кесиптик-педагогикалык даярдоосуна гуманитардык сабактарынын мазмунун тандап, аны Кыргызстандын элдеринин салтына байланыштырып колдонууну;
- студенттерди ЭПТсуна жардам боло турган материалдык- мейкиндик чөйрөсүнүн базасын этномаданияттын элементтери менен толуктап студенттердин ЭПТсын окутуу-методикалык базасын түздүк;
- дене тарбия жана спорт боюнча ЭПТго керектеле турган моделин иштеп чыгууну карадык, анын максатын жана аны ишке ашыруусунун логикасын иштеп чыктык.

Биздин изилдөөдө эң маанилүү болгон жагдайы бул системалык, комплекстик жана иш-чаралык принциптери аркылуу дене тарбия жана спорт боюнча болочок педагогдорунун ЭПТсын ишке ашырдык.

Илим изилдөөбүздө системалуу көз карашты толук пайдаландык. Система дегенибиз- элементтердин комплекси, бири-бирине таасирин тийгизген жана көп объектеринен турган, алардын элементтеринин байланыштарын сактаган нерсе деп түшүнөбүз. Системаны мүнөздөгөндөр- биримдиктүүлүк, элементтеринин байланыштары бар болгондугу. Муну биз илим-изилдөөдөгү өтө татаал уюштурулган объектеринин байланыштуу экендигин талдообуз керек[6].

Педагогикалык шарттарды системалык жагдайы менен караганда билим алуудагы процессиндеги ар кыл аспектилерин тарбиялоо иштери менен айкалыштырып кароону талап кылат[6].

1. ЭПТ компекстүү иштер жана иш-чараларынын орчундуу бир системасында атайын педагогикалык идеянын негизинде жүргүзүлөт.
2. ЭТПнын көйгөйлүү маселелери биз тараптан инсандын тарбиялоосундагы жалпы системасына байланыштырып каралат. Мында системалуу талдоо бир нече принциптери аркылуу каралат: бүтүндөйлүгү, татаалдыгы, уюштургучтугу, системалуу талдоо боюнча.

Биздин илимий изилдөөдө комплекстүү каралган принципти колдондук, ошондо биз дене тарбия жана спорт боюнча болочок педагогдордун ЭПТ процессинин өзгөчөлүгүнөн баштап карадык:

1. Тарбиялоо процессинде предметтин же объекттин эмоционалдык жана ойлонуу процесстерин да талап кылуусун эске алуу менен каралат.
2. Кандай гана иш-чараларынын программасы болбосун өзүнүн жагдайы жана адептүү максаты, иш-аракетчил жана оптималдуу мүнөзү менен айырмаланат.

3. Комплекстүү изилдөө интеграциялык процесстерин ишке ашырат, тарбиянын бири бирине байланыштуу тарбиялоо, окутуу жана өнүгүү бөлүктөрүн сактайт. Мындай изилдөөнүн өзү карама каршылыктардан сактайт, ар кандай сабактарын интеграциясын талап кылат, каталардан да сактайт.
4. Комплекстүү караганда предметти толугу менен изилдөөгө шарт түзөт. Биздин изилдөөдө так ошол иш-аракетчил жол менен ЭПТнун өзгөчөлүктөрүн эске алуу менен изилдөөнү жүргүздүк:

а) ЭПТну аткарганда студенттер ар кандай иш-аракеттерине катышышты, алардын активдүүлүгү, жүрүш-турушу башкача болуп өзгөрүлдү;

б) ЭПТну аткарган мезгилинде педагогдун жана тарбия алган студенттердин биримдикте иш-аракеттерин жасагандыгы менен айырмаланды;

в) «Иш – аракетчилдикти» кабыл алуу дегендин мааниси зор болот, анткени адамдын айлана-чөйрөгө болгон мамилеси эң маанилүү ролду аткарат.

Иш-аракетчилдик көп сапаттуу болот: ал деген көп функционалдуу. Мунун функцияларынын беш түрүн бөлүп айтсак болот:

- дүйнөлүк адам заттын универсалдык мүнөзү;
- башкаруунун бир нерсеси (уюштуруу, функциялануу);
- объективдүү илимий изилдөөнүн предмети;
- долбоорлоонун предмети (иш-аракеттеринин ишке ашырылуусунун ыкмаларын жана шарттарын аныктоо);
- баалуулугу (маданият системасындагы иш-аракеттеринин орду) [6].

Мында инсандын аракеттеринин коомдук турмуштагы бир түрү болгон «материалдык- практикалык жана акыл-эстүүлүк жагын, ошондой эле анын ички дүйнөсүнүн толкундоо процессии; ойлонуу, иш кылуу менен адамдын тартибин калыптандыра турган нерсе»[2].

**Ошентип иш-аракеттеринин принциптерин аныктайлык:**

- адамды иш-аракет учурунда гана толук билсе болот;
- өнүгүү жана жакшы деңгээлге жетишүү үчүн да иш-аракетчилдик талап кылынат;
- баарлашуу жана байланыштыруу да иш-аракет мезгилинде аткарылат;
- иш-аракетчилдик – бул дайыма максаттуу болот;
- инсандын турмушка көз карашы, анын активдүүлүгү, сезими жана жүрүш-турушу иш-аракет учурунда гана көрсөтүлөт;
- студенттин инсандыгына таасирденүү да педагогдун иш-аракеттерине тыгыз байланыштуу болот;
- иш-аракетчилдик толук кандуу турмуштун уюштуруусунун негизи болуп саналат.

Дене тарбия жана спорт боюнча болочок педагогдордун ЭПТсын комплекстүү карап көрүүдө дайымдык, комплекстик, иш-аракетчилдик принциптерине таянуу менен талкуулоого мүмкүнчүлүк берди.

**Эң биринчи педагогикалык шарты**: гуманитардык сабактарынын бөлүктөрүн тандоодо, алардын ичинен кыргыз элинин салттарын пайдалануу менен болочок педагогдордун кесиптик- педагогикалык даярдыгын өстүрүү үчүн билимдин керектүү бөлүктөрүн тандап жана анын мазмуунун ирээтке келтирүү керек болот; ошондой эле бул көйгөйлүү маселени дене тарбия боюнча болочок педагогдорду даярдоочу ЭПлык билимди студенттерге окутууда бир гана аудитордук сабактар эмес, алардын өз алдынча иштеши керек.

Биздин оюбузча белгилеп кетүү керек- этнопедагогикалык жана этномаданияттык маалыматтарынын дене тарбия боюнча ЖОЖнын студенттери үчүн кесиптик даярдоо системасына киргизгенде «Дене тарбиянын жана спорттун этнопедагогикасы» деген сабакты тандап алуудагы этнопедагогикалык абалын түзүүдөгү кайсы бир этабы болоорун билүү керек.

Ошентип дене тарбия жана спорт боюнча болочок педагогодорду даярдоонун мазмунун өзгөртүүдө «Дене тарбиянын жана спорттун этнопедагогикасы» деген атайын курсту киргизүү керек болот.

**Атайын уюштурулган курстун маселелерин келтирели:**

- Этнопедагогикалык тарбиялоону мектептин окуучуларынын билиминде калыптануусун окутуу аркылуу студенттердин тарбиялоо иштерине даярдыгынын маанисин ачык айкын көрсөтүү;
- этнопедагогикалык тарбиялоону калыптандырган учурда кесиптик маанилүү түшүнүктөрүн өздөштүрүү;
- окуучуларды тарбиялоодогу мезгилдерде этнопедагогикалык тарбиялоону калыптандырып жана педагогикалык жактан өсүшүнө түрткү берүү;
- дене тарбия жана спорт боюнча педагогдордун жалпы жана кесиптик маданиятын калыптандыруу;
- этнопедагогикалык тарбиянын аймагындагы элдин педагогикасынын салтын билип алуу.

Ушулардын негизинде «Дене тарбиянын этнопедагогикасы» деген атайын курсунун окуу долбоору иштелип чыккан [1]. Атайын курсубуз КМДТжСАсынын 2 курсунун студенттерине окулуп текшерилген.

**Экинчи педагогикалык шарт:** окутуу-усулдук базабыз этномаданияттын материалдык-мейкиндиктин чөйрөсү билим берүүчү **ЖОЖ** студенттерине **ЭПТ** берүүгө пайдаланышы керек, миграциялык жана демографиялык процесстерин эске алуу, аралаш үй бүлөлөрүн көбөйгөндүгүн билүү, көп улуттук коллективдери да жылдан жылга көбөйдү, ошондуктан этникалык жактан байланышын да жакшы билүү керектелет. Булардын бардыгы социалдык чөйрөдө өзгөрүүлөр болуп жатканын эске алуу керек.

Элдер чөйрөдөгү маданияттын бир кыйла өзгөрүлүп өтө көп түрдүү болгонун сезиш керек, баалулуктары да башкача боло баштады, мындай абалдары адамдын этникалык окшоштугуна алып келиши мүмкүн.

Бирок полиэтникалык (көп түрдүү этникалык) чөйрө дегенди бардыгы тең бир жалпы бир казанга түшкөндөй дегенден алыс болуу керек. Ошентип «адам баласы өзүнүн эне маданиятын сактайт да кээде дагы башка этностордун маданиятын жакшы өздөштүрөт. Башка маданияттарына окшогон учурларда биздин баатырлар келишет да башка этностор түрлөрү уникалдуу маданиятын жана тилин сактагысы келет жана чет элдик таасирлери менен күрөшө баштайт»[5].

Маданияттын өзгөрүүлөрү көп этникалыктын аркасынан универсалдыкка алып келет да, бир өңчөйлүктөн алыс болот.

Дене тарбия жана спорт боюнча педагогдорду ар тараптан даярдоодо республикалык жана эл аралык закон ченемдүүлүк нормативдик документтерин билим берүү чөйрөсүнө колдонулгандары төмөнкүлөрү болуп саналат:

- эл аралык билим берүү комиссиясынын XXI кылымга доклады (ЮНЕСКО);
- Кыргыз Республикасынын билим берүү жөнүндөгү мыйзам;
- Кыргыз Республикасынын 2020 жылына чейинки билим берүүнү модернизациялоонун концепциясын өнүктүрүү;
- Жогорку кесиптик билим берүүнүн мамлекеттик билим берүү боюнча стандарты.

Жогорудагы бардык эле документтеринде баса көрсөтүлөт, ЖОЖдагы негизги билим берүү функциясы- элдин бирге жашоосуна көндүрүүнү, ар кандай этностордун жана диний уюмдарынын биримдигин бекемдөө болуп саналат. Ошондуктан билим берүүдө эң алды менен адам өзүнүн элинин тарыхын, тамырын билгенге аракеттенсе, экинчиден башка элдердин маданиятын сыйлай билиши керек болот[5].

Кыргыз Республикасынын болушу жана келечеги көп этникалык менен тыгыз байланышта болот. Бул жерде 80ден ашкан улуттун өкүлдөрү жашайт, алар ар башка үй бүлөлөрдө, тайпаларда, ар башка динине ишенишет, өзгөчө маданияттулардан болушат, татаал жана өзгөчө тарыхы бар болот. Бир гана билим берүү системасынын уникалдуу

мүмкүнчүлүгү болот башка элдердин маданияты жөнүндөгү билимин кеңейтип бири бирин толеранттуулук менен сыйлоого активдүү үгүттөөгө.

Жогоруда көрсөтүлгөн жагдайларды эске алуу менен заманбап мезгилинде Кыргызстандын жаңы урпактары жаны билим берүү стратегиясын иштеп чыгып бул ишиндеги жаңы жолдорун издеп табуусу талап кылынат.

Этномаднияттык жана жаштардын этнопедагогикалык тарбиялоосун, булар башка элдин көрсөткүчтөрү жөнүндө информация берет. Ал антитезисти жокко чыгарбайт, «менин досум», «өзүбүздүкү – чоочун» дегендерди, бирок башка маданияттын түшүндүрмөсүн берет, ойлонтот. Этнопедагогикалык жактан тарбия алгандык- башка элдер жөнүндө тура билим алууну билдирет. Мындай түшүнүктөр эл аралык мамилелерин туура түзүүгө көмөк берет. Башкача айтканда этнопедагогикалык тарбия алуу индивидге дагы кошумча билим берет да анын терисинин өңү башка, улуту башка, тили башкаларга туура мамиле кылып, аларды түшүнүүгө пайдасы тиет.

Толук карап көрсөк биз ЭПТну инсандын сапаттарын дене тарбиядагы этносторунун байланыштарын билген сапаты, андагы билиминин, көндүмүнүн жана жүрүш-турушунун, ар кандай этностордун бири бирин түшүнүүсүн камтыган нерсе экенин түшүнөбүз да пайдаланабыз.

ЭПТлоо эң алды менен өзүнүн улуттук маданиятын билип алып анан башка элдердин маданиятын үйрөтөт деген пикирде болушат. Ошол эле учурда окуучулар өздөрүнүн этномаданиятын башкадан айырмалуу экендигин түшүнүүсү керек, этникалык диалогго көнүү керек болот [4]. Башка элдин маданиятын, дүйнөлүк маданиятты түшүнүү үчүн эң алдыда өзүнүн элинин маданиятын толук өздөштүрүүсү керек. А.Алимбеков [5] көрсөткөн «жалпы адамзаттын маданиятына барган жолдо өзүнүн улуттук тарбиялоосу жатат» деген ал.

Биз студенттердин өз элинин маданиятына кандайча мамиле кылгандыктарын изилдедик.

Студенттердин 32,7% элинин маданиятын жакшы билебиз дешет;
49,6%- кайсы бир бөлүктөрүн эле билебиз дешет;
13,5% – өтө начар билебиз дешет;
4,2%- таптакыр билишпейт экен.

Мындай суроого – «Сиздер элдик майрамдарга катышасызбы?» деген суроого 21,3%- дайыма деп жооп беришти; 57,3% -анда санда деп; 13,6%- өтө сейрек; 7,8- таптакыр катышпайбыз дешип жооп беришкен. Ошол эле учурда 79,2% өз элинин маданиятын билип алсак деп жооп беришти; 20,8%. – бизди бул маселе кызыктырбайт мындай ишти аткарбайбыз дешти.

**Жыйынтыктоо.** Студенттердин бир топ бөлүгү ЭПлык билиминин жоктугунан улуттук маданиятты үйрөнсөк деп эңсешет, элдик оюндарынын педагогикасына жакын болсок дешет, ушундай этнопедагогикалык маалыматтарын өзүбүздүн кесипчилигибизде пайдалана билсек деп эңсешет экен.

Ошондуктан материалдык-мейкиндик чөйрөнү түзүү керек болот, ал дене тарбия жана спорт боюнча ЖОЖда окуучу студенттердин этнопедагогикалык билимдерин өстүрүүгө керектелет.

«Этнопедагогикалык чөйрө» дегенибиз бул педагогикалык чөйрөнүн бир бөлүгү болуп саналат, ал деген элдик салтты, элдин турмушка көз карашын, мүнөзүн, салт-санаасын, фольклорун, майрамдарын жана жашоо шартын өнүктүрө алат.

Этнопедагогикалык чөйрөнүн негизги функциялары төмөнкүлөрдүн негизинде болот:

- адамдын инсандыгынан келип чыгат;
- адамдын башка элдердин салтын, маданиятын, тилин билип алуу мүмкүнчүлүгүндө;
- этностордун эл аралык маданиятын билген субъект- адамдын сөзү.

Чөйрөнүн этнопедагогикалык жактан тарбиялангандыгы инсандын ар бир улуттук маданиятын өздөштүргөн инсандын калыптанышына да байланыштуу болот[3].

Мында окуу усулдук-фондунун мааниси зор болот: окуу колдонмолору, сунуштары, ошондой эле этнопедагогикалык чөйрөсүнө кошулган элдик кыймылдуу оюндары да кирет.

Этнопедагогикалык материалдык мейкиндигине төмөнкүдөй элементтери кирет:
- студенттерге улуттук спорттук атрибутикасын (шаан-шөкөттөрүн) көрсөтүү;
- улуттук символика (каадалары);
- дене тарбияга тиешелүү көркөм-музыкалуу чыгармачылыгы;
- элдик тамак-аштын түрлөрү (күл азык ж.б.);
- улуттук таймашууларынын жана оюндарынын кодекси, эрежелери;
- улуттук кийиминин элементтери, элдик буюмдардын түрлөрү ж.б, иш-чараларында колдонгондору[2].

**Үчүнчү педагогикалык шарты боюнча**: ЭПТ боюнча моделин иштеп чыгуу керек, анда дене тарбия жана спорт боюнча болочок педагогдордун даярдоодо колдонууга, анын максатын жана логикасын ишке ашыруу үчүн.

Илим изилдөө иштерин талдап, нормативдик документтерин, билим алуунун теориясын жана практикасын өздөштүрсө ошондо моделди түзүүгө, ЭП боюнча этномаданияттын жогорку окуу жайларына ылайыктап түзүүгө шарт пайда болот: сабактарды байланыштырууга, модулдук, ар бир сабактын, комплекстүү жана толуктоочу түрлөрүн түзүүгө.

Предметтер арасындагы модель билим алууда өздөштүрө турган тийиштүү маалыматтарын тегиз бөлүштүрөт. Улуттук жана региондук өзгөчөлүктөрү жөнүндөгү маалыматтары да тийиштүү жол менен бөлүштүрүлөт, ар кандаай сабактарга жана түрлүү темаларга.

Модулдуу модель болсо гуманитардык сабактарын камтып алып атайын темаларын дайындап, КРсынын өзгөчөлүгүн камтыган этномаданиятын маалымдайт, ошондой эле башка элдердин, башка өлкөлөрдүн маалыматтарын окутат. Мисалга алсак, дене тарбия сабагын бир жумада үч сабакты окутууну, сабактарда кыргыздын элдик оюндарын пайдаланууну алсак болот.

Моносабактык модель болсо этникалык маданияттын элементтерин терең окутууну өзүнө камтыйт, тилдерди үйрөнүүнү, тарыхты, географияны, КР искусствосун, өзгөртө турган билим алуу сабактарында окутулат.

Комплекстүү модель болсо интегративдүү курстардын мазмунуна толук киргизилип окутулат.

Улуттук маданияттын кээ бир аспектилери тарых менен байланышта, кыргыздын адабияты, жергиликтүү экология маселелерине байланыштырып каралышы мүмкүн.

Кошумча моделинде этномаданияттын жана ЭПсынын бөлүктөрүн аудиторядан тышкары өткөрүлгөн иш чараларында окулушу мүмкүн. Көбүрөөк өнүккөнү: хореографиялык, музыкалык, театрлардын студиясында, этнографиялык кружоктордо жана клубдарында; элдик чыгармачылык кружогунда же клубунда, тарыхый-этнографиялык изилдөөчү кружокторунда, этнографиялык музейлеринде жана көргөзмөлөрүндө уюштуруу керек.

## КОЛДОНУЛГАН АДАБИЯТТАР:


1. Анаркулов, Х.Ф. Кыргызская народная педагогика об основах физического воспитания / Х.Ф. Анаркулов// Спорт-посол Мира и феномен XXI века- Алматы, 1997.-с. 17-22.
2. Волков Г.Н. Этнопедагогика / Г.Н.Волков. – Чебоксары: Чувашское книжное издательство, 1974. – 376 с.

3. Измайлов А.Э. Народная педагогика : Педагогические воззрения народов Средней Азии и Казахстана / А.Э. Измайлов. – М. : Педагогика, 1991. — 265 с.
4. Мамытов, А.М. Пути интеграции высшего физкультурного образования Кыргызстана в международное образовательное пространство: Учебное пособие/А.М. Мамытов - Бишкек,1999.-180с.
5. Алимбеков А. Кыргыз этнопедагогикасы. Окуу куралы./ Б.: 1996-69б.
6. Анаркулов Р.Ф. Построение научно-педагогической концепции традиционного семейного физического воспитания кыргызов/ Р.П. Анаркулов//Науки и новые технологии.- Бишкек, 2012.№1.-с.309-313.
7. Мамбетова, М.К. Педагогические предпосылки кыргызской этнофизкультуры в воспитании учащейся молодежи /М.К. Мамбетова// Известия ВУЗов.- Бишкек, 2011.-№7 с. 14-17.